السنّة النبوية وعلومها
www.sunnah.global

# Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) көшөгөнүн артындагы бойго жеткен кыздан да уялчаак эле. Эгерде кайсы бир нерсени жактырбаса, жүзүнөн байкайт элек

Абу Саид Худри (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) көшөгөнүн артындагы бойго жеткен кыздан да уялчаак эле. Эгерде кайсы бир нерсени жактырбаса, жүзүнөн байкайт элек.
[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Абу Саид Худри (ага Аллах ыраазы болсун) пайгамбарыбыздын (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) уялчаактыгын бойго жеткен, турмушка чыга элек, эркектерден өзүн жашырган кызга салыштырган. Анткени, анын уяттуулугу жогору болгон, эгер бир нерсени жактырбаса, жүзү өзгөрүп кетет эле жана эч нерсе деп айтчу эмес. Сахабалар анын жүзүнөн жактырбай жатканын байкашчу.

https://sunnah.global/hadeeth/ky/show/3153

النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY
لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee